УДК: 159.922.15
**DOI:10.58494/esai.24(8).2024.332**

*Найманбаев Муктарбек Жумашович,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, п.и.к., доцент*
*Маматкулова А.,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУ, магистрант*

# ЖОМОКТОР АРКЫЛУУ БАЛДАРДЫ АКЫЛ-ЭСТҮҮЛҮККӨ ЖАНА АДЕП-АХЛАККА ТАРБИЯЛОО

***Аннотация:*** *Макалада мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы балдарды жомок аркылуу жүрүм-турумуна, кулк-мүнөзүнө таасир этип, акыл-эстүүлүккө, адеп-ахлакка тарбиялоо идеялары берилген. Ошондой эле жомокторду колдонууда тиешелүү методдорду, ыкмаларды пайдалануу жолдору жана этаптар боюнча иш жүргүзүү маселелери көрсөтүлгөн. Андан сырткары жомоктор менен иштөөдө ата-энелерди тартуу менен аларга методиканы үйрөтүү маселеси камтылган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *мектепке чейинки курак, кенже мектеп жашындагы курак, жомок, акыл-эстүүлүк, адеп-ахлак, жомоктук каармандар, тарбиялоо, жүрүм-турум, идея.*

# ВОСПИТАНИЕ ИНТЕЛЛЕКТА И НРАВСТВЕННОСТИ ДЕТЕЙ ЧЕРЕЗ СКАЗКИ

***Аннотация:*** *В статье представлены идеи воспитания детей дошкольного и младшего школьного возраста в области разумности и нравственности путем воздействия на их поведение и характер посредством сказок. Также обозначены вопросы работы над этапами и способами использования соответствующих методов и приемов в использовании сказки. Кроме того, включена проблема обучения их методам вовлечения родителей в работу со сказками.*

***Ключевые слова:*** *дошкольный возраст, младший школьный возраст, сказка, разум, мораль, сказочные персонажи, воспитание, поведение, идея.*

# EDUCATION OF CHILDREN'S INTELLIGENCE AND MORALITY THROUGH FAIRY TALES

***Annotation:*** *The article presents ideas for educating children of preschool and primary school age in the field of rationality and morality by influencing their behavior and character through fairy tales. Issues of working on the stages and ways of using appropriate methods and techniques in using a fairy tale are also outlined. In addition, the problem of teaching them methods of involving parents in working with fairy tales is included.*

***Key words****: preschool age, primary school age, fairy tale, mind, morality, fairy-tale characters, education, behavior, idea.*

Мектепке чейинки жана кенже мектеп жашындагы курагында жомок эң негизги орундардын бирин ээлейт. Алардын жомокко болгон кызыгуулары өтө күчтүү болот. Жомоктор элдин мүнөзүн, анын психологиясын, турмуштук позицияларын билдирүү менен анда адептик, рухий ыймандык касиеттер сыйдырылган. Жомоктордогу каармандардын кулк-мүнөзү, кылык-жоруктары, балдарды адеп-ахлакка үндөө менен ата-энени, бир тууганды, эмгекти, билим алууну, табиятты сүйүүгө үйрөтөр, айлана-чөйрөнү таанытар, тилин өстүрөөр жана ой чабыттарын байытаар мазмунга ээ. Жомоктордогу турмуштук керемет окуялар, сүйүктүү образдар аркылуу балдарга дүйнөнү таанытууну, адеп-ахлакка үйрөтүүнү камтуу менен аруулукка, тазалыкка чакырат. Ошондой эле адамкерчиликтүү мамиле жасоону, инсандык сапаттарды баалап, барктай билүүнү көрсөтөт.

*Жомок* – адабий окуу сабагында үйрөнүлүүчү жанрлардын бири болуу менен андай чыгармаларды кабыл алуу үчүн окуучулар алдын ала даярдалууга тийиш. Бул даярдыктын башкы көрсөткүчү – баланын ой жүгүртүүсүнүн жогорку деңгээлде өнүгүшүнө салым кошот. Жомокторду окутууда биз чыгармачылык окуу ыкмасын көп пайдаланабыз. Ал

ошол жомокту үйрөнүү процессинде текстти көркөм кабылдоо менен байланышат. Илгертен баштап эле улуу муундар-чоң ата, чоң энелер, ата-энелер небере-чеберелерине уламыштарды, жомокторду элестүү айтып берүү менен жашоодо акылдуу болууга, адеп-ахлактуу, нарктуу болууга үндөп, турмушка даярдап, жан – дүйнөсүн байытып келген.

Жомокторду колдонуу баланын эмоционалдык чыңалуусун, толкундануу абалын, тынчсыздануусун, башкаларга ишенбөөчүлүктү жоюуга мүмкүндүк берет, өзүнө болгон ишенимге ээ болууга жардам берет [1, 115-б.].

Мектепке чейинки балдарды балдар адабияты менен тааныштыруу боюнча тарбиячынын психологиялык-педагогикалык ишмердүүлүгү салттуу жана инновациялык методикаларды өз ичине камтыйт. Салттуу методдорго балдар үчүн жазылган чыгармаларды окуп берүү, сабактан тышкаркы мезгилде (ролдук-сюжеттик оюндарда, театралдашкан оюнзооктордо, сейилдөөдө ж.б.) айтып берүү кирет. Көркөм адабият менен иштөөнүн инновациялык ыкмаларына төмөнкүлөр кирет:

- ар кандай билим берүү багыттарынын мазмунун айкалыштырган интеграцияланган билим;
- окуялардын, жомоктордун сюжеттери боюнча балдар менен коюлган театралдык көрсөтүүлөр;
- уккан жомогу боюнча сүрөт тартуу жана ал боюнча талкуулоо;
- уккан жомогун кайрадан эстеп, көркөмдөп жаңыча айтып берүүгө чакыруу; Мисалы, башка, жаңы каарман кошуу, жаңы маалымат берүү;
- «Жомоктордон таттуу салат» түзүү. Балдар ар кандай жомоктордун каармандарын чакырып, бириктирип жаңы жомок чыгарат. Мисалы, «Эчкинин жети улагы», «Акылдуу бала», "Чокчолой баатыр", "Аюу менен дыйкан", «Кызыл жоолукчан» ж.б., алардын токойдогу жоруктарын сүрөттөп берүү;

Салттуу жана инновациялык ыкмалардын өз ара байланышы мектепке чейинки балдарды көркөм чыгармалар менен тааныштыруу процессин натыйжалуу экендигин биздин изилдөөдө аныкталды. Балдардын жаш курагына жараша жомоктор менен тааныштыруу тарбиячы тарабынан ар кандай жолдор, ыкмалар менен өткөрүлөт [2, 182-б.].

Мектепке чейинки жана кенже мектеп курагындагы балдардын рухий-адептик жактан тарбиялоо процесси баланын тарбиячы менен ата-эненин активдүү кызматташуусунун негизинде натыйжалуу ишке ашырылат. Үй-бүлөлүк тарбияда жөө жомокторду, кереметтүү, сыйкырдуу жомокторду, айбанаттар жөнүндөгү жана турмуш тиричилик жомокторун колдонуу зарыл жана ата-энелер да жомокторду түшүндүрүү менен элестүү кылып айтып бериши жана аны балдардан сурап, алардагы каармандардын сүрөтүн тарттыруу менен балдардын түшүнүктөрүн, сезимдерин калыптандыруу эң маанилүү болуп саналат. Жомоктор менен иштөөдө албетте ата-эне мугалим менен тыгыз байланышып, андан консультацияларды алуу максатка ылайыктуу.

Жомок айтып берүүгө даярдык иштери ар кандай формаларды камтыйт: ата-энелердин топтук чогулуштары, жеке жана топтук консультациялар. Анда ата-энелер жомок менен иштөө методикасы менен таанышып гана тим болбостон, жомокторду окууга, балдардын суроолоруна жооп берүүгө ж.б. боюнча маалыматка ээ болот.

Жомок менен иштөөнүн негизи төмөндөгүлөрдү өз ичине камтыйт:

1. Жомок окуп берүү жана аны мугалим тарабынан анализдөө;
2. Балдар менен иштөөнүн максаттарын түшүндүрүү;
3. Жумушту этап-этабы менен пландоо.
4. Жомок менен иштөөнүн натыйжасын көрсөтүү, кол өнөрчүлүк жана сүрөт тартуу аркылуу.

Ата-энелер менен иш алып баруу менен катар мектепке чейинки курактагы балдардын руханий, адеп-ахлактык жактан тарбиялоо жана алардын деңгээлин жогорулатуу максатында жомокторду колдонуу боюнча да кошумча эксперименталдык изилдөө жүргүзүлдү.

Тандалган критерий боюнча мектепке чейинки курагындагы балдардын адеп-ахлактык тарбиясынын деңгээлин аныктоонун диагностикалык методикасы – баланын аң-сезимин жана жүрүм-турумун бир эле учурда изилдөө үчүн реалдуу жүрүм-турумдагы боорукердик жана мээримдүүлүк сезимдери колдонулган.

Балдар менен иштөөдө эксперимент жүргүзүп толуктоочу вербалдык методдордун комплексин колдондук. Жомоктордун мазмуну боюнча пикир алышуу, ангемелешүү, алардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзүү иштери жүргүзүлдү.

Балдар бакчасында биздин практикалык иш-аракеттерибиз балдар менен жүргүзүлдү. Жомоктор менен иштөөнүн биринчи, когнитивдик-мотивациялык этабында биз балдардын жомоктор, ангемелер аркылуу адеп-ахлак, ызат-ыйман жөнүндө алгачкы билимдерге ээ болушуна чоң көңүл бурдук, ошондой эле балдардын адеп-ахлактык көйгөйлөргө кызыгуусун калыптандырдык.

Эмоционалдык баалоо этабында тарбиячынын негизги көңүлү балдардын эстетикалык жана адеп-ахлак категорияларына болгон жеке мамилесин жаш курагына ылайыктуу деңгээлде калыптандырууга багытталган. Биринчи этапта балдар проблема боюнча негизги билимдерди алышса, экинчи этапта балдар үй-бүлөгө жана эстетикалык баалуулуктарга болгон мамилесин калыптандырышты.

Демек, кыргыз балдар адабиятындагы жомоктордун негизинде балдарга сабак болоор адеп-ахлакка, мекенчилдикке, боорукер -мээрмандыкка, акыл -эстүүлүккө үндөгөн таалим-тарбия идеялары арбын учурайт. Алар бирин-бири коштоп, толуктап, таалим-тарбиялык күчүн арттыруу менен таасирдүүлүгүн күчөтүп, педагогикалык чоң милдетти аткарып келет [3, 203-б.].

Жомоктордо дайыма эле оң каармандар катышып, ошолор аркылуу адеп-ахлактык, этикалык, эстетикалык идеялар гана бериле бербейт. Мында жомоктордогу терс каармандар да берилип, оң каармандар менен катуу кагылышта болуп, кээде аларды женсе, негизинен оң каармандар жеңишке жетишип, бактылуу жыргал турмуш орноп, чындык, адилеттүүлүк, акыл-эстүүлүк, даанышмандык ж.б. даңазаланат [3, 138-б.].

Жомоктордогу каармандардын кулк-мүнөзү, жүрүм-турумдары жана жасаган иш-аракеттери аркылуу айкөлдүк, боорукердик, мээрмандык, кең пейилдүүлүк, адилеттүүлүк жана акылмандык сыяктуу асыл идеялар берилип, философиялык, эстетикалык жана педагогикалык идеалдар менен толтурулган. Ошондой эле терс каармандардын жасаган мамилелери аркылуу негативдүү көрүнүштөр чагылдырылып, эгоизм, ач көздүк, таш боордук, көрө албастык, ичи тардык, митайымдык, наадандык сыяктуу идеялар сынга алынган.

**Корутунду**

Элдик тарбияда баланы акыл-эстүүлүккө тарбиялоо менен адеп-ахлак тарбиясы бирдей, биргеликте каралаары белгилүү. Ошондуктан жомоктордо акыл-эстүүлүккө жана адептүүлүккө тарбиялоо бири -бири менен тыгыз байланышта жүрөөрү чагылдырылат. Чындыгында, жаш муундарды тарбиялоодо жомоктордун ролу, аткарган кызматы баа жеткис. Орус элинин классик акыны А.С.Пушкин бул боюнча мындай деп жазган: «Кечинде жомок угам жана ошону менен каргыш тийген тарбиямдын кемчиликтерин толуктайм. Эмне деген укмуш, бул жомоктордун ар бири өзүнчө жаткан поэма». Демек, улуу акын жомокторго өзгөчө зор маани бергендигин, анын турмуштагы жана көркөм чыгармачылыктагы ролун жогору баалагандыгын айгинелеп турат.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Асаналиев Б. Жомоктор. – Б., 2014. – 115, 203 бб.
2. Путилова Е.О. Детская литература. – М., 2008. – 384 с.
3. Рысбаев С.К., Кожоева К.М. Жомок менен тарбиялоо.– Б., 2022. – 115б.